**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн А.С. Джаманбаев атындагы Жаратылыш байлыктары институтунун (КР УИА ТБ) Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун**

## № 9 ПРОТОКОЛУ

Ош шаары

2023-жылдын 23-ноябры

**Төрага:** КРнын УИАнын мүчө-корр., т.и.д., проф. Абидов А.О. – директордун м.а.
**Катчы:** Абдуллаева М.П. – ЖБИнин окумуштуу катчысы.
**Катышты: :** т.и.д., профессор Абдуллаева М.Д. – "ЭТЭБ" лаб-н башчысы;
х.и.к., доцент Джапарова Ш. – "КБОЭКП" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Калдыбаев Н.А. – «ЖТТС» лаб-н башчысы;
Сабиров Б.З. – "ОБККИЧ" лаб-н башчысы;
Токтоназаров С.Т. – «Технолог» ИӨБ башчысы;
т.и.к., доцент Садыков Э. – "КТМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к. Абдалиев У.К. – "КТМ" лаб-н у.и.к.;
т.и.к. Шайдуллаев Р.Б. – "КГ" лаб-н башчысы;
т.и.к., доцент Саткулов Т.Т. – "ЭТЭБ" лаб-н у.и.к.

**Баары: 11** кызматкер

## КҮН ТАРТИБИНДЕ:

1.2023-жылда ЖБИнин түзүмдүк бөлүмдөрүндө ИИИ боюнча пландардын аткарылышы жөнүндө.
2. 2024-жылга ЖБИнин ИИИ боюнча календардык планды бекитүү.
3. 2024-жылга ЖБИнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн иш пландарын бекитүү.
4. 2024-жылга ЖБИнин иш планын бекитүү.
5. Ар түрдүү маселелер.

Отурумду Окумуштуулар кеңешинин төрагасы КР УИА мүчө-корр. т.и.д., проф. А.О. Абидов алып барды. Күн тартиби тааныштырылып, колго салынды. Бир добуштан колдоого алынды.

Биринчи маселе боюнча, төрага Абидов А.О. сөздү Институттун окумуштуу катчысы М.П. Абдуллаевага берди.

**УГУЛДУ: М.П. Абдуллаева:** - 2023-жылдын ЖБИнин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ИИИ жана ишмердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктары менен кыскача тааныштырып өтсөм.

А.С Джаманбаев атындагы ЖБИнин кызматкерлеринин жалпы саны 50 адамды түзөт. Алардан, 25 илимий кызматкер, 10 илимдин кандидаттары, 6 илимдин докторлору алардын ичинен 2 академиктер жана 1 КР УИА мүчө-корреспонденти. Илимий тейлөөчү кызматкерлер – 5. Техникалык кызмат көрсөтүү персоналы 12 адам жана кичүү кызмат көрсөтүү персоналы 8 адам. 40 жашка чейинки жаш илимпоздор – 1. Жалпы илимий кызматкерлердин ичинен жаш илимпоздордун салыштырмалуу салмагы – 4 %.
Долбоордун аталышы: **"Кыргыз Республикасынын түштүк аймагынын минералдык-чийки байлыктарын пайдалануу үчүн энергия үнөмдөөчү**